ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК: 347.97/.99(575.2) DOI: 10.35803/1694-5298.2021.3.393-399

**АЛТЫМЫШОВА З.А.**
[1]Кыргыз-Түрк Манас Университети, тарых бөлүмү, Бишкек, Кыргыз Республикасы
[1]Кыргызско-Турецкий университет "Манас", отделение истории, Бишкек, Кыргызская Республика

**ALTYMYSHOVA Z.A.**
[1]Kyrgyz-Turkish Manas University, History Department, Bishkek, Kyrgyz Republic
zuhra.altymyshova@manas.edu.kg

# 1920–1930-ЖЖ. КЫРГЫЗСТАНДА КУЛАКТАРДЫ ТАП КАТАРЫ ЖОЮУ САЯСАТЫНЫН ЖҮРГҮЗҮЛҮШҮ

# РЕАЛИЗАЦИЯ ПОЛИТИКИ ЛИКВИДАЦИИ КУЛАЧЕСТВА КАК КЛАССА В КЫРГЫЗСТАНЕ В 1920-1930-Е ГГ.

# IMPLEMENTATION OF THE POLICY ERADICATION OF THE KULAKS AS A CLASS IN KYRGYZSTAN IN 1920-1930S.

*Совет бийлигинин орношу менен "тап күрөшү" түшүнүгү келип чыккан жана мурдагы жогорку таптарды, эски түзүлүштү жоюу идеясы жайылтылган. Жаңы Совет бийлигинин жумушчу таптын бийлиги экендиги жарыяланган. Октябрь революциясы Совет коомуна мурдагы башкаруучу тапка потенциалдуу претендент болгон жаңы башкаруучу тапты, тагыраак айтканда пролетариатты алып келген. Түркстанда традициялуу коом мүнөзү боюнча "феодалдык жана патриархалдык" деп таанылган.*
*1920-1930 жж. жалпы СССР боюнча кулактарды тап катары жоюу саясаты жүргүзүлгөн. 1920-1930-жж. колдонулган кулак саясий термини кишилерди эксплуатациялаган оокаттуу бай дыйканды түшүндүргөн. Ал эми кулактарды тап катары жоюу саясий кампаниясы оокаттуу дыйкандардын мал-мүлкүн конфикациялап, алыскы региондорго депортациялоону билдирген. Бул процесс коллективизациянын ажырагыс бөлүгү деп каралган. 1927-1932-жж. кулак катары айыпталган Советтик Кыргызстандан бай-манап үй-бүлөлөрү Россия жана Украинага депортацияланган. Макалада жергиликтүү архив документтери, илимий эмгектер жана оозеки материалдардын негизинде Кыргызстандагы кулактарды тап катары жоюу саясаты жана анын жыйынтыктары каралат.*
***Өзөк сөздөр:*** *Совет өкмөтү, тап күрөшү, кулак, Кыргызстан, бай-манаптардын депортацияланышы.*

*С установлением Советской власти возникло понятие "классовой борьбы" и была распространена идея ликвидации бывшего высшего класса и старого порядка. Было заявлено, что власть Советов является властью рабочего класса. Октябрьская революция представила новый правящий класс в Советском обществе-пролетариат, потенциальным соперником которого был старый правящий класс. Традиционное общество считалось "феодальным и патриархальным" в Туркестане.*
*Политика ликвидации кулачества как класса проводилась в течение 1920-1930-х годов по всему СССР. Слово кулак, используемое в качестве политического термина в 1920-*

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

*1930х гг., означало зажиточного крестьянина, эксплуатирующего людей. Политическая кампания, ликвидация кулачества как класса включала в себя такие практики, как конфискация частной собственности и депортация зажиточных крестьян в отдаленные районы. Этот процесс был неотъемлемой частью коллективизации. Бай-манапские семьи, которые были помечены как кулаки из Советского Кыргызстана были депортированы в Россию и Украину в период с 1927 по 1932 гг. В настоящей статье рассматриваются процесс ликвидации кулачества как класса и его результаты в Кыргызстане. Статья основана на местных архивных документов, научных источников и устных материалов.*
***Ключевые слова:*** *Советское правительство, классовая борьба, кулак, Кыргызстан, депортация бай-манапов.*

*With the establishment of the Soviet power, a notion of "class struggle" had emerged and the idea of the elimination of former upper class and the old order was disseminated. It is claimed that the new Soviet rule was rule of the working class people. The October Revolution introduced a new ruling class into the Soviet society-the proletariat-the potential challenger of whom was the old ruling class. Traditional society was considered as "feudal and patriarchal" in Turkestan.*
*The policy eradication of the kulaks as a class was conducted during 1920-1930s in all USSR.The word kulak, used as a political term between 1920-1930, meant a prosperous peasant who exploites people. The political campaign eradication of the kulaks as a class included such practices as confiscation of private property and deportations of the well-off peasants to remote regions. This process was main part of collectivization. Bai-manap families who labeled as a kulaks from Soviet Kyrgyzstan were deported to Russia and Ukraine between 1927-1932. The current article focuses on the processes of the policy on eradication of the kulaks as a class and its results in Kyrgyzstan. This paper is based on the local archival documents, scientific sources and oral materials.*
***Key Words:*** *Soviet government, class struggle, kulak, Kyrgyzstan, deportation of bai- manaps.*

1920-1930 жж. жалпы СССР боюнча кулактарды тап катары жоюу саясаты жүргүзүлгөндүгү маалым. Кулактарды тап катары жоюу коллективизация кыймылы менен тыгыз байланыштуу. Советтик социализмди куруу көйгөйүн чечүү үчүн айыл чарбасын коллективдештирүү жолу тандалган. Коллективизация коллективдүү чарбаларды түзүү аркылуу айыл чарбасын социалдаштыруу максатын көздөгөн. Совет бийлиги тарабынан кулактардын экспроприациясы (бир коомдук таптын же катмардын өндүрүш каражатынын экинчи бир коомдук тап же катмар тарабынан тартылып алынышы) [10. 971-б.], кулактарды тап катары жоюу коллективдүү чарбалардын негизделиши жана өнүгүшүнүн ажырагыс бөлүгү деп каралган. Коллективизацияны ишке ашырууда кулактарды тап катары жоюуга чоң маани берилген.
Эң оболу *кулак* термини эмнени түшүндүргөн? Кулак сөзү орус тилинен сөзмө-сөз которгондо муштум маанисин берет. Ал эми каймана мааниси айыл жерлеринде бул термин эң башында сараң дыйканга, айылдагы эксплуататорлорго, негизинен сүткор же соодагерге карата айтылган ат болгон. Кийинчерээк Совет мезгилинде кулак айылдагы капиталисттик элемент, жалданма эмгектен пайдаланган оокаттуу дыйкан образын чагылдыра баштаган. Кулак-бул Коммунисттик партия тарабынан берилген жарлык аталыш болгон, кулак сөзү бул айылдык капиталист деп сыпатталган. Кулак түшүнүгү социалдык абалына караганда саясий мааниге көбүрөөк ээ болгон, анткени бай же кедей болгонуна карабастан большевиктердин саясатына каршы болгон ар бир кишини кулак деп күнөөлөгө жол берилген. Айылдагы колунда барлар бардык дыйкан кедейлерге карама-каршы коюлган. Кулактарга саясий, экономикалык чектөөлөр киргизилген, алар атуулдук укуктарынан ажыратылган, көбөйтүлгөн өлчөмдөгү жеке салык салынып, оор тапшырмалар берилген.

Коллективизация жылдарында кулак аныктамасы теориялык маселе болуудан калып, практикалык саясаттын бири болуп баштаган. Коллективизацияга каршы агитация кылган дээрлик ар бир дыйкан кулак же кулак куйругу катары айыпталышы мүмкүн болгон. Кулак жарлыгы кедей орто же оокаттуу турганына карабастан коллективизацияга каршы болгон ар бир дыйканга карата колдонулуп калган. Партиянын көрсөтмөлөрүнө ылайык кулактардын коллективдүү чарбаларга киришине уруксат берилген эмес [15. 69-б.].

Мамлекет кулактарды жок кылуу күрөшүн баштагандан кийин кулак термини баардык дыйкандар үчүн саясий метофора жана басынткан сөзгө айланган. Кулак социализмдин жана колхоз кыймылынын эң элдешкис, ашынган душманы катары каралган. Кулактар же оокаттуу дыйкандар коммунисттер тарабынан кедей дыйкандарды эксплуатациялагандар жана потенциалдуу капиталисттер деп каралган. Алар Совет режими тарабынан 1930-жылдан башында «тап катары ликвидацияланууга» тийиш болушкан. Ал эми «кулактарды тап катары жоюу» иш жүзүндө эмгек лагерлерине же үй-бүлөсү менен СССРдин алыс райондоруна депортациялоону билдирген [11. 221-б.]. Тагыраак айтканда кулактарды тап катары жоюу-оокаттуу дыйкандарды жеринен, баардык өндүрүш каражаттарынан жана атуулдук укуктарынан ажыратып, аларды өлкөнүн алыскы райондоруна көчүрүүнү түшүндүргөн. Айыл жерлеринде кулак үй-бүлөлөрүнүн мал-мүлкүн конфискациялоо жана аларды айылдан физикалык түрдө көчүрүү аркылуу капитализмдин тамырларын түп орду менен жок кылуу максаты коюлган.

Кулакка тартуу процесси СССРде 1927/1928 жж. буудай өндүрүү кризиси менен башталган. Мамлекетте шаар калкынын санынын өсүшү менен бирге буудайга ички керектөө арткан. Мамлекет тарабынан буудайга өтө төмөн баа коюлган, ал эми буудайларды жеке базарларда сатуу спекуляция деп бааланган. Буудайдын дефицити буудайды экспорттоо планына, демек анын жыйынтыгында тездетилген индустриялаштыруу планына жана коргонуу маселелерине коркунуч жараткан. Ошондуктан бул абалга карата режимдин жообу экстраординардуу чараларды көрүү болгон. Шаарларды буудай менен камсыз кылуу жана индустриализацияны финансылоого чет мамлекетке арзан буудай сатуу үчүн Сталин конфискацияны зарыл деп чечкен [14. 218-б.].

1920-жж. аягында кулактар тууралуу негативдүү маалыматтар басма сөз беттеринде байма-бай чагылдырыла баштаган. Расмий “Кулактарды тап катары жоюу (ликвидациялоо) саясаты” 1930-жылдан тартып иш жүзүнө ашыруу пландалган. 1929-жылдын аягы-1930-жж. башында жергиликтүү бийликтин жеке демилгелери менен коштолгон жапырт колхоздоштуруунун негизинде масштабдуу кулакка тартуу эң жогорку чегине жеткен. Жалпы СССРде анын ичинде Советтик Кыргызстанда да көпчүлүк дыйкандар колективдүү чарбаларга өз каалосу менен кирген эмес. Дыйкандарды коллективдүү чарбаларга тартууда ыктыярдуулук принциби бузулуп, өтө орой күч колдонулган. Коллективизацияга каршы болушкан көптөгөн орто чарбалар жана кедей дыйкандар да кулакка тартылышкан [12. 91-б.].

1929-жылдагы Борбордук Комитеттин пленуму жапырт коллективдештирүү саясатына (айылдын бери дегенде 80 %ын коллективдештирүүнү түшүндүргөн) расмий түрдө өткөндүгүн жарыялаган. ВКП (б) БКнын 1930-жылы 5-январдагы “Коллективдештирүүнүн темпи жана мамлекеттин колхоз курулушуна жардам берүү чаралары тууралуу” токтомунда коллективизацияны бүткөрүү мезгилдери региондорго жараша бөлүнгөн. Биринчи топтогулар 1931-жылдын жаз айына карай, экинчи топтогулар 1932-жылдын жаз айына карай, ал эми үчүнчү топтогулар 1933-жылдын башына чейин (*Кыргыз АССРи бул топко киргизилген*) коллективдештирүүнү бүткөрүүгө милдеттендирилген [8. 414-б.].

Кулактарды тап катары ликвидациялоо боюнча инструкцияны иштеп чыгуу Молотов төрагалык кылган комиссияга тапшырылган. 1930-жылы 30-январда Политбюро Молотов комиссиясынын кулакка тартуу боюнча декретин жактырган. Политбюронун бул декретине ылайык кулактар 3 категорияга бөлүнгөн:

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

*1-категория*-Контрреволюциялык бай, кулак активдери, өзгөчө контрреволюциялык, козголоңчу уюмдардын террористтик актылардын уюштуруучулары.
*2-категория*-Эң оокаттуу бай кулактардан турган контрреволюциялык кулак активдеринин калган бөлүгү.
*3-категория*- Өздөрүнүн белгилери боюнча биринчи эки категорияга кирбеген бай кулак чарбалары.
Биринчи категориядагылардын үй-бүлө башчыларын камоо жана концентрациялык лагерлерге айдоо, ал эми алардын үй-бүлөлөрүн 2-категориядагылар менен бирге Союздун алыскы аймактарына сүргүнгө жиберүү каралган. 3-категориядагы кулактар райондорунун чегинде аларга атайын бөлүнгөн жерлерге жайгаштырылган.
1930-жж. ОГПУ 1 жана 2-категориядагыларды кулакка тартууну ишке ашырууда жана пландоодо негизги актёр болгон. ОГПУ депортациялана тургандардын контингент санын алдын ала пландоодо, аларды транспорт менен көчүрүү, убактылуу турак-жай берүү, коопсуздук чаралары боюнча аймактагы жетекчилер менен чогуу иш алып барган, ошондой эле Молотовдун төрагалыгындагы кулакка тартуу боюнча Политбюронун комиссиясы менен координациялуу түрдө иштеген. 1930-жылы январь айынын аягынан тартып кулактарды көчүрүү ишинде ОГПУга көмөк көрсөтүү үчүн жергиликтүү партиялык комитеттери же советтик аткаруу комитеттеринин астында атайын комиссиялар түзүлө баштаган [16. 55-б.]. Кыргызстанда да кулакка тартууда ОГПУ жана республикалык жана аймактык комиссиялар чоң роль ойногон. Республикадан көчүрүлө турган кишилер жогорку бийликтин, жергиликтүү бийликтин жана Бириккен Мамлекеттик Саясий Башкармалыктын (ОГПУнун) өкүлдөрүнөн турган тройка тарабынан аныкталган.
1930-1931 жж. И.Сталин 2 миллионго жакын дыйкандарды ички сүргүнгө айдоо тууралуу буйрук чыгарган. Нечендеген үй-бүлө мүчөлөрү кулактарды “ликвидациялоо” саясатына дуушар болушкан жана Түндүк областтарына, Урал, Сибирь, Казакстан сыяктуу эң алыскы региондорго зордук менен депортацияланышкан. СССРде 1930 жана 1931-жж депортацияланган кулактардын жалпы саны 356,544 үй-бүлөдөн (1,679,528 киши) 381, 026 үй-бүлөгө (1, 803, 392 киши ) чейин деп белгиленет. Акыркы изилдөөлөргө таянсак 1930-1931 жылдары Орто Азиядан жалпы 6,944 үй-бүлө депортацияланган. Алардын 159у Казакстанга, 2,213ү Түндүк Кавказга, 3, 444ү Украинага, 1, 128и Орто Азиянын аймактарына көчүрүлгөн [16. 32, 195-бб.].
Совет бийлиги Орто Азияда эки негизги максатты ишке ашырууну көздөгөн: орус келгиндеринин арасында колониалдык мамилелерди, ал эми мусулмандардын арасында “феодалдык-патриархалдык” мамилелерди жок кылуу. Спекулянттар, мурдагы буржуазия өкүлдөрү, орус падышачылыгы тушундагы полицейлер жана бюрократтар тагыраак айтканда “*Жаңы Түркстанга туура келбегендер*” жаңы режим тарабынан куугунтуктала баштаган [13. 41-б.]. 1920-1930 жж. Кыргызстанда бай-манаптар колунда бар чарбалар (кулак) катары куугунтукталган. Совет бийлиги алардын саясий, экономикалык жана уруулук таасирин жок кылууга аракеттенген. Архив материалдарына таянсак 1927-жылга чейин айрым бай-манаптарды республиканын ичиндеги райондорго же республикадан көчүрүлгөн. Мисалы, 1924-ж. Тоолуу Олуя-Ата районунан манаптар Кудайберген Алиев (Кызылбаш) менен Кудайберген Чалов (Карабаш) Түркстандан сүргүнгө жиберилген [2]. Ал эми 1925-1927 жж. аралыгында манап Аилчинов, (*документте аты көрсөтүлгөн эмес*), Сарипбек Чулуков жана Алиаскар Чулуковду 3 жылга Кыргызстандын сыртына айдоо өкүмү чыккан [2].
1926-жылы ВКП (б) Кыробкомдун Аткаруу Комитетинин токтомунун негизинде манапчылык менен күрөшүү боюнча комиссия түзүлгөн. Аталган комиссия манаптарды көчүрүүнүн методдорун тактаган [2]. 1927-жылы ВКП(б) БКнын Орто-Азия бюросунун “Манаптар жөнүндө” токтомунда советтик аппаратта уруулук жана жаатташкан күрөштөрдү уюштурган манаптарды мүлкүн конфискациялап, көчүрүү белгиленген. 1927-жылы март айында ВКП (б) Кыробкомдун Аткаруу Бюросу Кыргыз АССРинин аймагынан 21 бай-манапты көчүрүү тууралуу чечим чыгарган [1,2].

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

21 манап 1927-жылы эрте жаз айларында ОГПУ тарабынан кармалып, адегенде Фрунзе шаарында камакта турушкан. Алардан 22 үй, 12 сарай, 5 кампа, 45 боз үй, 536 жылкы, 262 кулун, 217 ири мүйүздүү мал, 89 музоо, 45 төө, 3 тайлак, 1 эшек, 8067 кой, 2109 козу тоорук кылынган [1]. Манаптардан конфискацияланган тарыхый жана этнографиялык мааниге ээ буюмдар Борбордук Фрунзе музейине өткөрүлүп берилген [1,2.]. 1927-жылы Кыргызстандан айдалган манаптардын конфискацияланган мүлкүн реализациялоодон жалпы

100.1 рублге жакын өлчөмдөгү сумманын негизинде кедейлер фонду түзүлгөн. Кедейлер фондунан коллективдүү чарбаларга кредит берилген. 1927-жылы Кыргызстандан көчүрүлгөн манаптар жашаган райондордо айыл чарба же мал чарбачылык багытындагы артелдерди түзүү белгиленип, 9 айыл чарба, 3 кой өстүрүүгө негизделген, баары 210 чарбадан турган 12 артелди түзүү чечими чыгарылган [1].

Тилекке каршы, 1927-жылы Кыргызстандан айдалгандардын кийинки тагдырына байланыштуу азырынча маалыматтар жетишсиз. Оозеки маалыматтарга жана эскерүү материалдарына таянсак, 1927-жылы сүргүнгө айдалган 21 бай-манап адегенде Москвага жакын Киров облусуна караштуу Халтурино деген шаарга айдалышкан. Халтуринонун климаты өтө суук болгондуктан алардын сабаттуулары Москвага арызданышкан соң аларды Казакстандын Орол облусунун Ордо деген шаарына чөлдүү, ысык жерге которушат. Ордодон алар ысыкка чыдабай кайта арызданышып, 1929-жылдын жарымынан кийин Оренбургга келишет. 1930-жылы аларга Чимкентке келүүгө уруксат берилет. Көп өтпөй Чимкенттен Жамбылга, 1931-жылы Фрунзеге келишет, бирок туулуп-өскөн аймагына кайтууга уруксат берилген эмес. Ошондуктан бай-манаптар 1935-жылга чейин Фрунзеде жашап, көзөмөл астында турушкан. 1935-жылы мурдагы жашаган жерлерине кайтууга уруксат берилген.

1928-жылдын күз айларында кийинки көчүрүүгө даярдык көрүлгөн. 1928-ж. 21- октябрда иштелип чыккан резолюцияда Нарын, Талас, Каракол, Ош аймактарындагы көчмөн райондордогу таасирдүү бай-манаптарды Кыргыз АССРинен көчүрүү пландаштырылган [1]. 1929-жылы 4-февралда Кыргыз АССР БАК жана Эл Комиссарлар Совети Нарын, Каракол, Талас кантондорунда жана Ош округундагы өздөрүнүн мүлктүк жана коомдук таасири аркылуу айылды советтештирүүгө жолтоо болгон өтө бай 44 кишини көчүрүү боюнча токтом чыгарган [3]. 1929-жылдын февраль-март айларында Кыргызстандын Нарын, Талас, Каракол, Ош аймактарындагы 44 бай-манап чарбасынын мүлктөрү конфискацияланган. Кыргыз АССРинен 1929-жылы 44 бай-манапты көчүрүүнүн натыйжасында 2491 жылкы, 858 ири мүйүздүү мал, 193 төө, 28618 кой жана 427 га жер, 142 боз үй жана имараттар конфискацияланган. Ошондой эле айыл чарба шаймандары, куйма алтын күмүш, баалуу килем, идиштер, ат-жабдыктар тоорук кылынган [4. 59-б.]. Конфискация кылынган чарбалардын негизинде 48 колхоз уюштурулган [9. 187-б.], аларга 15 950 баш мал, 353 га жер бөлүштүрүлүп берилген [5. 38-б.].

1929-жылы бай-манаптарды Кыргыз АССРинен көчүрүү кампаниясы ошол жылдын март айынын ортолоруна чейин улантылган. Тизмеде белгиленген 44 киши 3 жыл мөөнөткө Россиянын Оренбург округуна сүргүнгө айдалышкан. Кыргыздар жумушсуздуктун айынан Оренбургда өтө оор, айласыз абалда калышкандыгы алардын 1929-жылдын 13-июнунда ошол кездеги СССР БАКтын төрагасы М.Калининге жолдошкон 189 кишинин атынан жазылган колективдүү арызда баяндалат. Кыргыздар бул катында мекенге кайтууну, ал мүмкүн болбосо анда Казакстандын мал чарбачылык райондоруна, мисалы, Алма-Ата шаарына, Олуя-Атага же болбоду дегенде Чымкентке келип жашоого уруксат сурашкан же Өзбекстандын айыл чарба райондоруна көчүп келүүгө уруксат берүүнү өтүнүшкөн [1]. Кыргыздардын катта көрсөтүлгөн өтүнүчүнүн жыйынтыгы белгисиз. Оозеки маалыматтарга таянсак, 1929-жылы Кыргызстандан Оренбургга айдалгандар 3 жылдан кийин мекенине кайтууга уруксат алышкан.

1920-жж. аягында кулактарды саясий-экономикалык жактан чектөө саясатынан аларды тап катары жоюу саясатына өтүлгөн. 1931-жылы 29-июнда ВКП(б) БК Орто Азия Бюросу “Кулак чарбаларын көчүрүү тууралуу” директиваны бекитип, ал эми 21-июлда “Орто Азиядан кулак-бай элементтерин көчүрүү тууралуу” инструкцияны жарыялаган. Бул

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

директива жана инструкциянын негизинде Орто Азия республикаларынан Украинанын түштүгүнө жана Түндүк Кавказга 6000 чарба, алардын ичинде 700үн Кыргызстандан көчүрүү пландаштырылган [2].
Кыргыз АССР Борбордук Аткаруу Комитети жана Эл Комиссарлар Кеңешинин жапырт коллективдештирүү райондорунда кулак жана бай чарбаларын жоюунун тартиби тууралуу инструкциясында борбордун директивасына ылайык жергиликтүү кулактар да 3 категорияга бөлүнгөн. Мурдагы феодалдар, жергиликтүү бай-кулак авторитеттери, манаптар, аткаминерлер, уруу башчылары, антисоветтик маанайдагы бай-кулак активдери, активдүү дин кызматкерлери, эшендер, чиркөө кызматкерлери жана алардын үй-бүлөлөрү 2-категорияга киргизилген. Экинчи категориядагы Совет бийлигинин чараларына каршы активдүү күрөшкөн бай-кулактар Кыргызстандын аймагынан көчүрүлүүгө, ал эми калган бөлүгү өздөрү жашаган райондорунан республиканын ичинде алар үчүн атайын бөлүнгөн жерлерге көчүрүлүүгө тийиш болгон. Үчүнчү категорияга киргизилгендер жашаган райондорунда калтырылган бирок колхоз участкаларынын чектеринен сырттагы жерлерге жайгаштырылган [1].
Кулак катары аныкталган бир топ үй-бүлө 1931-жылы август айында Кыргыз АССРинен Украинага депортацияланган. Кыргыздар менен бирге Кыргызстанда жашаган орустар жана украин улутундагылар да көчүрүлгөн. Ошол эле учурда таптык күрөштүн мааниси, коллективдештирүүгө байланыштуу кеңири үгүт түшүндүрүү иштери жүргүзүлгөн [7. 411-б.]. Адегенде Кыргызстандыктар Украинада Одесса облусундагы Харлов районуна караштуу кыштактарга жайгаштырылган. 1934-жылы Кыргызстандан баргандар Николаев областы, Скадовск районунун Чалбасы кыштагына (азыркы Херсон областы, Цюрипинск району, Виноградов кыштагы) көчүрүлгөн.
Украинага айдалгандарга *трудпоселенец* же *спецпоселенец* деген статус берилген. Кыргызстандыктар Украинада комендатуранын карамагында турушкан. Чалбасыда «Новый Путь» колхозу уюштурулган, колхозго эгин айдаганга айдоо жер, мал бөлүнүп берилген. Украинага көчүрүлгөн кыргызстандыктар негизинен жер иштетүү жана мал чарбачылык менен алектенишкен, ошондой эле кол өнөрчүлүк кылышкан. Чалбасыда балдар үйү уюштурулган, кыргыз мектеби ачылган. Кыргыздар Украинада жашаган учурда негизинен кыргыз тилинде сүйлөшкөн жана улуттук каада-салттарын карманышкан.
1937-1938 жж. жалпы союздук масштабда жүргүзүлгөн репрессиядан Украинага көчүрүлгөн кыргыздар да кабылган. Алардын арасынан 1938-жылы жүргүзүлгөн репрессиянын курмандыктары болушкандыгын оозеки маалыматтар менен бирге Украинанын Херсон Областтык Державний Архивинин материалдары да тастыктайт. 1938- жылдын февраль айынан октябрь айына чейин Кыргызстандан Украинага көчүрүлгөндөрдүн арасынан 63 киши кармалып, жоопко тартылган. Алардын 61ине атуу өкүмү, эки гана кишиге 10 жылга эмгек түзөтүү лагерине жөнөтүү өкүмү чыгарылган. Улуу Ата Мекендик Согуш мезгилинде 1941-1943 жылдарда Чалбасы кыштагы немецтик оккупацияда болгон. Кулак категориясына киргизилип, Украинага көчүрүлгөндөр 1945-жылга чейин түрдүү жылдарда Скадовск районунун ички иштер бөлүмүнүн уруксат кагазы менен Кыргызстанга кайтып келишкен.
1932-жылы 11-апрелде ВКП (б) БК Кыробкомдун Аткаруу бюросу тарабынан Кыргызстандын түштүгүндөгү пахта эгилүүчү райондордон 500 кулак чарбасын республикадан көчүрүү тууралуу кезектеги токтом кабыл алынып, иш жүзүнө ашырылган. 1932-жылы Кыргызстандан депортацияланган кулактардын да Украинага көчүрүлгөндүгүн болжолдойбуз.
Салык каттоонун маалыматы боюнча 1928-1929 жж. Кыргызстанда 3406 кулак чарбасы катталган, алар жалпы дыйкан чарбаларынын 1.8%ин түзгөн. Ал эми 1932-жылы 1103 кулак чарбасы калып, алар 0,5%ын түзүп калышкан [6. 148-б.]. Советтик Кыргызстанда кулакка тартуу жана кулактарды көчүрүү боюнча токтом, чечимдердин эрежелери толук бойдон аткарылган эмес, тескерисинче кулакка тартуу боюнча Компартиянын мыйзамдары одоно бурмалоолор менен жүргүзүлгөн. Кулактарды республикадан көчүрүүдө жергиликтүү бийлик тарабынан планды ашыкча аткаруу аракеттери катталган. Ошондой эле жеке кастык,

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

уруу мамилелери сыяктуу кыйыр факторлордун таасиринен улам орто чарбалар, ал тургай айрым учурларда кедей жашагандар кулакка тартуу кампаниясына дуушар болушкан. СССРдин башка республикаларына депортацияланган кулактардан конфискацияланган мал- мүлктөрдүн эсебинен колхоз-совхоздордун материалдык базасы чыңдалган. Конфискацияланган турак үйлөр маданий-социалдык мекемелер катары пайдаланылган.

1932-жылы майда СССР БК жана ЭКС кулактардын массалык депортациясы токтотулгандыгы тууралуу буйрук чыгарган [15. 69-б.]. Борбордук Аткаруу Комитетинин 1931-жылдагы декретине ылайык сүргүндө жүргөнүнө беш жыл толгон жана өздөрүн режимге лоялдуу “ак ниет жумушчу ” катары далилдей алган кулактарга реабилитация укугун, тагыраак айтканда толук мыйзамдуу атуулдук укуктар жана добуш берүү укуктарын берүүгө уруксат берилген. 1936-жылдагы конституцияда кагаз жүзүндө мурдагы кулактардын жана “тап душмандарынын” толук атуулдугу жана добуш берүү укугу калыбына келтирилген [11. 221-б.]. Антсе да бир топ кулак үй-бүлөлөрү иш жүзүндө мыйзамдуу укуктарга толук ээ боло алышкан эмес. 1930-жж. башында кулакка тартылгандардын айрымдары 1937-1938 жж. репрессия мезгилинде кайрадан кармалышып, соттолгон. 1920-1930-жж. СССР тарыхында коллективизация жана кулакка тартуу борбордук орунда турат. Кулактарды тап катары жоюу саясаты иш жүзүндө баардык дыйкандарга, айылдардын жергиликтүү салттуу жашоо образына каршы жасалган чабуул болгон.

## Адабияттар тизмеси


1. Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик архиви (КР БМА), ф. 21, оп. 4,
д. 16; ф. 21. оп. 15, д.39, 44; ф.23, оп.1, д.148.
2. Кыргыз Республикасынын Борбордук мамлекеттик коомдук-саясий документтер архиви (КР БМ КСДА), фонд.10, опись. 1, д. 2, 65, 97, 99, 104, 128. 157, 341, 363.
3. Ош Облустук Мамлекеттик Архиви (ООМА) ф.1, оп.1, д.192.
4. Асанбаев У., Советы Киргизии в борьбе за строительство социализма (1929-1932
гг.) [Текст] / У.Асанбаев. - Фрунзе: 1968.
5. Бактыгулов Дж., Из истории перехода киргизского крестьянства к оседлости и социалистическим способам хозяйствования [Текст] / Дж.Бактыгулов. – Фрунзе: 1971.
6. Изменение социально-классовой структуры населения Киргизии в годы строительства и упрочения социализма (1917-1961 гг.), отв. Редактор Ю.А.Поляков, Фрунзе 1989.
7. Ильясов.С.И., Коренное преобразование сельского хозяйства в Киргизии // В кн. Очерки истории коллективизации сельского хозяйства в союзных республиках. Под редакцией к.и.н. В.П.Данилова, Москва 1963.
8. История Киргизской ССР, том 3, Фрунзе 1986.
9. Малабаев Дж., Укрепление Советов Киргизии в период строительства социализма, Фрунзе, 1969.
10. Юдахин К.К. Орусча-кыргызча сөздүк, Бишкек 2000.
11. Fitzpatrick Sheila, *How the Mice Buried the Cat: Scenes from the Great Purges of 1937 in the Russian Provinces*, The Soviet Union, Edited by Peter Waldron, Aldershot, Ashgate 2007.
12. Kuromiya Hiroaki, Stalin, London, Pearson Education Limited 2005.
13. Rywkin Michael, Moscow’s Muslim Challenge: Soviet Central Asia. New York by M.E.Sharpe Inc. 1990.
14. Suny Ronald Grigory, The Soviet Experiment. Russia, the USSR, and the

Successor States, New York-Oxford, Oxford University Press 1998.

15. Viola Lynne, *“The second coming: Class enemies in the Soviet countryside, 1927- 1935”,* in Stalinist Terror, New Perspectives, Edited by J.Arch Getty and Roberta T.Manning, Cambridge -New York, Cambridge University Press 1993.

16. Viola Lynne, The Unknown Gulag. World of Stalin’s Specıal Settlements, New York, Oxford University Press 2007.